DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Ажиматова Н.М., Ташкулова Г.К.*

# ЭКОНОМИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ ОРГАНИКАЛЫК АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Ажиматова Н.М., Ташкулова Г.К.*

# ВЛИЯНИЕ ОРГАНИЧЕСКОГО СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА НА ЭКОНОМИЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ

*N.M. Ajimatova, G.K. Tashkulova*

# IMPACT OF ORGANIC AGRICULTURAL PRODUCTION ON ECONOMIC DEVELOPMENT

*УДК: 333.631.15/330.34*

*Бул макалада базар экономикасы шартында органикалык айыл чарба өндүрүшү, келечекте чоң мааниге ээ экендигин тастыкталды. Жылдан жылга элдерде даарыланбаган экологиялык жактан таза продуктуларга кызыгуусун арттырып келе жатат. Өлкөбүздүн экономикалык жактан өнүгүүсүнө да органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн салымы баа жеткис экендиги жана дүйнөлүк рынокко таанылуубузга да чоң шарт түзмөкчү. Органикалык айыл чарба өндүрүшү – бул азыркы этапта экономиканын агрардык секторунун өнүгүп жаткан багыты, ушул этапта айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү өлкөнүн калкына экологиялык таза продуктуларды камсыздоо менен коштолот. Органикалык айыл чарба өндүрүшү айыл чарбасын жүргүзүүнүн формасы болуп эсептелет, анын алкагында минералдык жер семирткичтерди, синтетикалык заттарды, пестициддерди, өсүмдүктөрдүн өсүшүнүн жөнгө салуучуларын жана тоют кошулмаларын пайдалануу минимумга жеткирилет.*

***Негизги сөздөр:*** *рынок, экономика, реформа, жер, өндүрүш, агрардык тармак, айыл чарба, ишкердик.*

*Эта статья подтверждает важность органического сельского хозяйства в будущем в условиях рыночной экономики. С каждым годом люди все больше интересуются экологически чистыми продуктами, которые не подвергаются обработке. Неоценимый вклад органического сельскохозяйственного производства в экономическое развитие нашей страны также будет способствовать нашему признанию на мировом рынке. Органическое сельскохозяйственное производство на данном этапе является развивающимся направлением аграрного сектора экономики, на данном этапе сельскохозяйственное производство сопровождается обеспечением населения экологически чистой продукцией. Органическое сельскохозяйственное производство – это такая форма сельского хозяйства, в которой использование минеральных удобрений, синтетических материалов, пестицидов, регуляторов роста растений и кормовых добавок сведено к минимуму.*

***Ключевые слова:*** *рынок, экономика, реформа, земля, производство, аграрный сектор, сельское хозяйство, предпринимательство.*

*This article confirms the importance of organic farming in the future in a market economy. Every year people are more and more interested in environmentally friendly products that are not processed. The invaluable contribution of organic agricultural production to the economic development of our country will also contribute to our recognition in the global market. At this stage, organic agricultural production is a developing direction of the agricultural sector of the economy, at this stage agricultural production is accompanied by the provision of the population with ecologically clean products. Organic farming is a form of agriculture in which the use of mineral fertilizers, synthetic materials, pesticides, plant growth regulators and feed additives is minimized.*

***Key words:*** *market, economy, reform, land, production, agricultural sector, agriculture, entrepreneurship.*

Жер ресурстарын мамлекетибиздин өнүгүшүнө карата пайдаланууда өзгөртүүнүн жыйынтыгында мамлекетте, көп укладдуу экономика пайда болуп, көбүнчө майда дыйкан жана калктын жеке кошумча чарба сектору айрыкча өнүктү, алар айыл чарба тармактын 96% продукциясын өндүрүшөт. Негизи, көп майда дыйкан чарбалары финансылык жана материалдык-техникалык кыйын абалда [1]. Базар экономикасы жана сервистик институттар жакшы өнүгө алышпады, аны айыл-чарба товар өндүрүүчүлөр үчүн көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн эффекттүүлүгү жана көлөмү көрсөтүп жатат. Агроөндүрүштүк комплексиндеги байланышкан көп тармактардын өнүгүүсүндө теңсиздик байкалат. Кээ бир соода-сатык компаниялардын монополиясы, убактылуу акча кызыкчылыгын аркалап, кайра иштетүү ишканаларынын өнүкпөй калуусуна, айыл чарба продукциясынын чийки зат түрүндө экспортунун өсүшүнө жана азык-түлүктүн импорттолушуна алып келет. Мамлекет көзөмөлдөө процессине жана экономиканын азык-түлүк секторун колдоого

DOI:10.26104/IVK.2019.45



аз катышат. Аталган колдоо өсүмдүк өстүрүүчүлүктө себүү жумуштарын аткарууда жана мал чарбачылыкта эпидемияга каршы иш-чараларда бир жолку техникалык жардам менен гана чектелет. Тилекке каршы, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү өстүрүү максатында кызыктыруу менен байланыштуу көйгөйлөр, дыйкандарга көрсөтүлгөн сервистик тейлөөлөрдүн санын жана сапатын өстүрүүдө, айыл чарба продукциясын кайра иштетүүдө жана сатууда, чындыгында мунун баары мамлекет тарабынан көңүлгө алынбай четте калды. Мамлекеттик жөнгө салуу агроөнөр жайдын күчсүз звеносу болуп экспорт жана импорт мамилелери эсептелинет, ал техникалык чийки заттын экспортунун бир тараптуу өсүүсүнө жана бөлөк тамак-аш продуктуларынын жана азык-түлүктөрдүн импортунун өсүшүнө алып келет, аларды өндүрүүдө мамлекетте бардык ылайыктуу шарттар бар болсо дагы. Айыл чарба өндүрүшүндө майда дыйкандык структура ички рынокто төмөнкү атандаштыкка туш келип, ал башка чоң тармактардын өндүрүшүнүн төмөндөшүнө алып келет [3]. Кант кызылчасынын өндүрүшүнүн азыркы абалы жөнгө салынбаган экспансиясынын таасир эткенин күбөсү. Кант кызылчасынын өндүрүүсүнүн төмөндөп кетүүсү 2004-жылдан башталган. Ушул эле процесс менен тең импорттун өсүшү кант камышында болуп жатты. Кайра иштетүү кант заводдордо камыш кантын кайра иштетүү арзанга түшүп, аларга көбүрөөк пайдалуу болду. Жыйынтыгында, 2017-жылдын натыйжасы боюнча республикада чийки кантты өндүрүү тез төмөндөп кеткени байкалат.

Тилеке каршы, продукцияларды импорттоо экспансиясынан азап чеккендерден кант өндүрүү бул жалгыз тармак эмес. Акыркы жылдары эттин импорттоо тенденциясы өсүшү байкалат. 2017-жылы ички азык-түлүк рыногуна 50 миң тоннадан ашуун эт киргизилген. Бул чоочуткан тенденция, жакынкы арада салт боюнча жана стратегиялык мааниси чоң айыл чарба продукциясынын маанилүү түрүнүн өндүрүүсү төмөндөп кетүүсүн көрсөтүшү мүмкүн. Эгерде, кант кызылчасынын өндүрүүсүн мамлекет акылга сыярдык менен протекционисттик саясат аркылуу жүргүзсө кыска убакыт ичинде кайра жандандырса болот, бирок мал чарбачылыкты жандандырууда көп убакытты талап кылат.

Жер ресурстарын рационалдуу пайдалануу үчүн, республикада «Жер» мамлекеттик программа иштелип чыккан, анда төмөндөгү негизги рационалдуу пайдалануу багыттарды жана жер ресурстарын коргоо каралган:

- жер реформасын тереңдетип жана өнүктүрүүнүн негизинде жер мамилелерин өркүндөтүү;
- көп укладдуу экономиканын жана рынок мамилелеринин шартында жер пайдалануунун территориясын жайгаштыруу;
- жерлерди жайгаштыруу боюнча долбоор издөөчүлөрдүн жумуштарын өркүндөтүү;
- бирдиктүү жер кадастры системасын киргизүү жана жерлерди жана кыймылсыз мүлктөрдү регистрациялоо;
- жерге мониторинг жүргүзүү;
- жер ресурстарын башкаруу системасын түзүү жана алып баруу;
- жерге жайгаштыруу, геодезиялык, жер кыртышы, геоботаникалык, картографиялык жана долбоор-изилдөөчү жумуштарды илимий-техникалык камсыздоонун деңгээлин көтөрүү;
- илим менен өндүрүштү итеграциялоо.

Жер реформасынын зарылчылыгы мурдагы жылдардагы түзүлгөн жер мамилелеринин объективдүү себептер менен социалдык-экономикалык мүнөздө болгон. Ошол мезгилдеги жер пайдалануунун тартиби агрардык сектордун рыноктук мамилелеринде да, башка тармактарды да токтотуп келген [1].

Жерди менчиктештирүү негизинен төмөнкү жолдор менен аткарылды:

- реформага чейин колхоздорго, совхоздорго жана башка айыл чарба ишканаларына бекитилген жерлерди, жер үлүштөрүнө бөлүү;
- жарандарга жана юридикалык адамдарга, мурда мөөнөтсүз (дайыма) пайдаланган участкаларды менчикке кайра каттоо;
- жаңы участкаларды менчикке берүү (акысыз же сатып алуу).

Белгилей кетиш керек, айыл чарба өндүрүшүндө пайдаланган жерлерди менчиктештирүүнүн зарылчылыгы, экономикалык себептер гана эмес (товар өндүрүүчүлөрдү кызыктыруу, жердин рыноктук айланышынын мүмкүнчүлүгү), ошондой эле социалдык себептер да болду (социалдык чыңалууну алып салуу, мурдагы элдердин карамындагы участкаларды ишенимдүү коргоо аркылуу, айыл чарба жерлерин айылда жашаган элдердин ортосунда гана бөлүштүрүү)

Жерди менчиктештирүүнүн жыйынтыгында жер участокторунун жеке менчиктеринин катмары пайда болду. Мында жалпы айдоо аянтарынын жарымынан көбү, мамлекеттен жеке менчике айыл чарба ишканаларынын жумушчуларына жана пенсионерлерине, ошондой эле алардын территориясында жашаган социалдык сферанын кызматкерлерине өттү.

DOI:10.26104/IVK.2019.45



Реформаторлордун аргументы өтө эле жөнөкөй болгон: таркатуу, бөлүштүрүү, мамлекеттик менчикти менчиктештирүү, айыл чарба продукцияларынын бааларын либерализациялаштыруу жүргүзүү жана аны пайдалануудан жарылуу эффектин күтүү. Ошого карабастан, азык-түлүк рыногун гүлдөтөбүз деген лозунг менен чоңдогон өндүрүштүк-техникалык системалар талкаланды, ойлонулбаган чаралардын жыйынтыгында менчикти өзгөртүү айыл чарбасында өндүргүч күчтөрдү жана өндүрүү потенциалын деградацияга алып келди, ансыз азыркы шарттарда анны көтөрүү мүмкүн эмес. Анын үстүнө, республикада туура эмес иштердин натыйжасында азырка чейин агрардык сектордо жана өндүрүштө төмөндөө байкалат.

Азыркы учурда органикалык айыл чарба өндүрүшү – бул экономиканын агрардык секторунун жакшы өнүгүп жаткан багыты жана ушул этапта айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү өлкөнүн калкынын ден-соолугуна пайда, экологиялык жактан таза, продуктуларын камсыздоо менен коштолот.

Баарыбызга белгилүү болгондой, пландуу индустриализация көптөгөн минералдык жер семирткичтер, химиялык заттар жана өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өсүшүн жөнгө салуучулар ашыкча пайдаланылган.

Өлкөбүздүн айыл чарбасында 25 жылдын ичинде өндүрүш каражаттарынын жетишсиздигинен жана жоктугунан улам айыл чарба өндүрүшү интенсивдүү жүргүзүлгөн эмес. Айыл чарба багытындагы жерлерди иштетүүдө минералдык жер семирткичтер, химиялык заттар колдонулбайт, алар бардык кошулмалардан кол жууп, толугу менен жабыгуу абалына келген.

Ушуга байланыштуу республикада айыл чарба өндүрүшүн альтернативалуу жүргүзүү зарылдыгы келип чыкты. Мындай альтернатива катары түзүлгөн абалдан чыгуунун жолу болуп органикалык айыл чарба өндүрүшү сунушталууда.

Органикалык айыл чарба өндүрүшү азыркы учурда айыл чарбасын жүргүзүүнүн эң негизги формасы болуп эсептелет, анын алкагында минералдык жер семирткичтерди жана синтетикалык заттарды, пестициддерди, өсүмдүктөрдүн өсүшүнүн жөнгө салуучуларын жана тоют кошулмаларын пайдалануу минимумга жеткирилет.

Органикалык айыл чарба өндүрүшүндө өсүмдүктөрдү органикалык азыктын элементтери менен камсыздоо, зыянкечтер жана отоо чөптөр менен күрөшүү, которуштуруп айдоо, органикалык жер семирткичтерди жана топуракты иштетүүнүн ар кандай методдорун пайдалануу менен өсүмдүктөрдү коргоонун биологиялык ыкмаларын активдүү пайдалануу биринчи планга коюлган.

Органикалык айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүдө өздүк ресурстар пайдаланууда, айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүнүн калыптанып калган улуттук салттары колдонулууда, жердин күрдүүлүгү жогорулап, биотүрдүүлүк сакталат, ал эми эң негизгиси айлана чөйрө булганбайт.

Акыркы жылдары дүйнөдө органикалык тамак-аш продуктуларына суроо-талап өсүүдө. Кыргыз Республикасы жаратылыштын биотүрдүүлүгү жана экологиялык абалы бузулбаган жана байыркы таза түрүндө сакталган мамлекет, ушуга байланыштуу экологиялык таза органикалык тамак-аш продуктуларын чыгаруу боюнча бардык шарттарга ээ.

Ошондой болсо да, республика өзгөчө даамдык сапаттары бар жана дүйнөлүк рынокто ушуга окшобогон органикалык айыл чарба продуктулары менен жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин рынокторуна чыгуу үчүн бардык шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү бар.

Өлкөбүздө органикалык өндүрүштү жүргүзүү үчүн бардык шарттар жана өбөлгөлөр бар, ал эми жыты өзгөчө, витаминдердин камтылышы жана даам сапаттары менен белгилүү болгон тамак-аш продуктуларынын түрдүүлүгү Кыргыз Республикасынын өзгөчө артыкчылыгы жана органикалык айыл чарба өндүрүшүн ийгиликтүү жүргүзүү үчүн потенциалы болуп эсептелет.

Бүгүнкү күндө республикада органикалык айыл чарба өндүрүшү күч алууда. Органикалык чарбалар үч ири айыл чарба кооперативдериндеги, 23 айылды бириктирген он органикалык аймактан турат. Органикалык продукцияны өндүргөн чарба субъекттеринин саны 1700гө жетти. Бул чарбалар органикалык продукцияны 7000га органикалык жерде өстүрөт [2].

Республикада негизги органикалык продуктулар болуп пахта, нут, төө буурчак, өрүк, дары чөптөр, кургатылган кара өрүк, жаңгак, ошондой эле, картошка

DOI:10.26104/IVK.2019.45



эсептелет. Областын аймагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "2017-2022 жылдарга карата Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү концепциясы жөнүндө" 2017-жылдын 2-августундагы №459 токтомун турмушка ашыруу боюнча бир топ иштер жүргүзүлүүдө.

Областын стратегиялык өнүгүү программасынын алкагында азык-түлүк коопсуздугун чыңдоо, жыл сайын сезондук айыл чарба талаачылык иштерин жүргүзүү үчүн чарбалык субъектилерге жагымдуу шарттарды жаратуу менен айдоо жер аянттарын натыйжалуу пайдалануу, агротехникалык жер семирткичтерден пайдалануу аркылуу органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жана жерлердин кыртышын жана асылдуулугун жогорулатуу натыйжасында жогорку түшүмдүүлүккө жетишүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "2017-2022 жылдарга карата Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү концепциясы жөнүндө" 2017-жылдын 2-августундагы №459 токтомун турмушка ашыруу максатында област аймагындагы райондордун айыл аймактарында органикалык айыл чарба өсүмдүктөрүн аянттарын көбөйтүү натыйжасында экологиялык жактан таза айыл чарба жана мөмө-жемиш продукцияларын өндүрүүгө аракет жасалууда.

Областын аймагында органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү, органикалык айыл чарба продукцияларын жер аянтын көбөйтүү, жергиликтүү элдин экологиялык жактан таза продуктулар менен камсыздоо жана ден-соолугун жакшыртуу максатында жер-жерлерде тамчылатып сугаруу системасын ишке киргизүү менен органикалык айыл чарба принцибиндеги күнөскана жана мөмөлүү бак-дарак өстүрүүчү чарбаларынын потенциалын өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө [4].

Бугүнкү күндө областтын айыл аймактарында жалпысынан 810 күнөсканалар болуп алардын жалпы жер аянты 43,10га түзүп, 73 күнөскана Евросоюздун жардамы менен, 737 жеке ишкерлердин күчү менен курулган. Ошондой эле мөмө-жемиш продукцияларын өндүрүүчү 33 жерде мөмө-жемиш бак-дарактар болуп, алардын жалпы жер аянты 130,10га түзөт [2].

Областтын аймагында жалпысынан 2265,32га органикалык айыл чарба жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн жер аянты болуп, анын ичинен 760,26га пахта, 96,46га буудай, 414,75га жүгөрү, 8,43га дарбыз, 25,20га күрүч, 174,85га жаңгак, 22,62га арпа, 1,91га алма, 3,0га шабдаалы, 7,52га помидор, 5,02га сабиз жана башка органикалык өсүмдүктөрдү түзөт [2].

Био-Фермер кооперативинин Сузак районунун Сузак айыл өкмөтүндөгү жетекчиси Кожомбердиев Касымжан 2020-жылга карата 120 га жер аянтына, Базар-Коргон районунун Сейдикум айыл өкмөтүндөгү Био-Фермер кооперативинин фермери Ирисов Нишанбек 100 га жер аянтына, Ноокен районундагы Ноокен айыл аймагынын фермери Атаев Талант болсо 50 га жер аянтына органикалык пахта өсүмдүктөрүн эгип, жогорку түшүмдүүлүккө ээ болуп жатышат. 2019-жылы өндүрүлгөн 440 тн органикалык пахта буласы Европа өлкөлөрүнө экспорттолгон.

Ошондой эле Био Сервис коомдук фонду GIZ эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү уюму менен Аксы районунун Жерге-Тал, Боспиек, Кулук-Дөбө айылдарындагы дыйкан-фермерлери менен кара кайналыны органикалык жол менен өндүрүү жана сатуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Бүгүнкү күндө Аксы жана Ала-Бука районундагы органикалык кайналы өстүргөн дыйкан-фермерлер менен Жайзет, Агахан эл аралык кызматташтык уюмдары тыгыз иштөөдө. Аксы районундагы 660 га кайналынан 194,16 га аянты жана Ала-Бука районундагы 576 га кайналынан 18,3 га аянтта органикалык кайналы өндүрүлөт. 2020-жылы жаңы бышкан кайналыны жеке ишкерлер тарабынан 15-20 сатып алынып, ЕАЭС өлкөлөрүнө (Россия жана Казахстан) экспорттоо жүргүзүлүүдө.

Органикалык продукцияларды өнүктүрүү аябай актуалдуу болгондуктан "Аксы-Био" айыл чарба товардык сервистик кооперативи менен Жерге-Тал айыл өкмөтү биргеликте иштеп чыккан өнүгүү стратегиясында органикалык кайналы өндүрүү жана кайра иштетүү жана экспортко чыгаруу негизги артыкчылыктуу багыт катары аныкталган. Натыйжада "Аксы-Био" айыл чарба товардык сервистик кооперативи Евросоюздун органикалык сертификатына ээ болгон.

Ошондой эле М.Арзыматова жетектеген Ала-Бука районундагы Эко "Көк-Таш таза ширеси" өндү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



рүштүк кооперативи органикалык кайналы продукциялары менен Индия жана Кувейт өлкөлөрүндөгү жарманкелерге катышып келген. Бул деген келечекте органикалык айыл чарба продукцияларынын экспорттоого мүмкүнчүлүгү бар болгон даяр кооперативдер болуп эсептелет.

Көрсөтүлгөн чоң максаттарга жетүү үчүн, ички экономикалык саясаттын иш чаралары менен камсыз болот, талаптардын жана сунуштардын өөдө-ылдый боло беришинен жетишиштүү экспорттук ресурстарды түзүүгө багытталган, өндүрүштүн чыгашалуу жана кирешелуу болуп өзгөрүшү, ошондой эле белгилүү ашыкчылыгын же бул ресурстардын дефицитин азайтуу, ички рынокту стабилдештирүү, сырткы рыноктун пайдалуу конъюнктурасын колдоо [5]. Ошентип, мамлекеттибиздин улуттук коопсуздугунун стратегиясында, улуттук приоритеттердин программаларынын катарында экономикалык коопсуздугу менен түздөн-түз байланышкан долбоорлор да кирген, азыркы учурда айрыкча экономиканын төмөнкү тармактарынын өнүгүшүнө багытталган: энергетика, тоо-кен байлыктары жана азык-түлүк.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Жер кодекси: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы // Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары. 2011. - № 12. - 3-26с.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2018-2020 жылга отчету. Ed. КР УСК Башкы компьютердик борбору.
3. Мусакожоев Ш.М. Эл чарбасын мамлекеттик жөнгө салуу. [Текст] / Ш.М. Мусакожоев // Бишке - 2009. 228 б.
4. Койчуев Т.К. Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. [Текст] Т.К. Койчуев. // Евразийский международный научно-аналитический журнал 2009, 3-4. - 98 б.
5. Өмүрзаков, С. А. Рынок шартында агрардык өндүрүштү башкаруу механизмин өркүндөтүү [Текст] / С.А.Өмүрзаков, С.А. - Бишкек, 2012. - 14-25-беттер.